**БЕКИТЕМИН**
**Чет тилдери жана компьютердик**
**системаларды программалоо колледжинин**
**директору**
_____________ **Б.М. Осмонова**
«28» ___08___ 2025-ж.

## САПАТ МЕНЕДЖМЕНТ СИСТЕМАСЫ

**Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжинин**

**Окуу-методикалык кеңеши жөнүндө**

СБС ЖЖ 3.06-2025

2-чыгарылыш

**Нарын- 2025**

## 1. Жалпы жобо

1. Окуу-методикалык кеңеш өз иш-аракетинде Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамын, орто кесиптик билим берүү мекемелеринин ишин жөнгө салуучу жоболорду жана нормативдик-укуктук актыларды, Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин нормативдик документтерин негиз кылып алат.

Колледждин окуу-методикалык кеңеши (ОМК) директордун жана окуу иштери боюнча директордун орун басарынын алдындагы туруктуу иш алып баруучу коллегиалдык орган болуп эсептелет. С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин (НМУ) Чет тилдер жана компьютердик системаларды программалоо колледжинде (ЧКСПК) ОМК негизги методикалык иштин багыттарын иштеп чыгат, окуу процессине тиешелүү иштерди, ошондой эле циклдык методикалык комиссиялардын ишин уюштуруп жана жетектеп турат.

Адистерди даярдоо деңгээлин жогорулатуу максатында ОМК окуу процессин илимий-методикалык жактан камсыздоонун келечектүү багыттарын иштеп чыгат.

2. Максаты: колледждин ишмердүүлүгүндө бардык кызыкдар тараптардын талаптарына жооп берген жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын милдеттүү талаптарынын сакталышын камсыз кылууну жана эл аралык билим берүү мейкиндигине интеграциялоо, колледждин башкаруу системасынын камсыздоочу процессин өркүндөтүүгө багытталган. Түзүмү жана курамы: төраганы, төраганын орун басарын жана башка мүчөлөрүн камтыган кеңеш.

3. Жобо С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин ЧКСП колледжинин окуу-методикалык кеңеши тарабынан иштелип чыккан жана ISO 9001:2015 стандартынын талаптарына жооп берет..

4. НМУнун ЧКСП колледжинин Педагогикалык кеңешинин отурумунда 2025-ж. «28» август № 1 протоколу менен каралып, бекитилген жана директордун 2025-жылдын «3» 09 №20-8/156 буйругу менен күчүнө кирген.

5. Документти колледжинин жетекчилигинин уруксатысыз которууга, кайра чыгарууга жана көчүрүүгө болбойт.

**2. Окуу-методикалык кеңештин ишмердүүлүгү**

**2.1. ОМКнын негизги иш багыттары:**

• Колледжде билим берүүнүн сапатын камсыздоо жана стратегиялык пландаштыруу максатында окуу-методикалык ишти жүргүзүү;
• Колледждин окуу-методикалык ишинин сапатын мониторинг жүргүзүү, талдоо жана баалоо;
• Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги жана НМУнун ОМК тарабынан сунушталган нормативдик-методикалык документтер жана окуу-методикалык адабияттар менен камсыздоо;
•Колледждин окуу-методикалык ишин илимий жактан камсыздоо;
• Окуу жана окуу-методикалык эмгектерди, окуу материалдарын кароо жана басмага сунуштоо;
• Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги жана университеттин, колледждин сунуштарынын негизинде лицензияга даярдоо, аккредитациядан өткөрүү боюнча иш-чараларды уюштуруу жана даярдоо;
• Орто кесиптик билим берүү маселелери боюнча конференциялар, семинарлар жана кеңешмелерди өткөрүү;

**3. Окуу-методикалык кеңештин ишмердүүлүгүн уюштуруу**

**3.1.** ОМКнын ишмердүүлүгүнө төрага, ал болбогон учурда – ОМКнын төраганын орун басары жетекчилик кылат. Төрага окуу-методикалык маселелер жана жыл ичинде аткарылган иштер боюнча педагогикалык кеңешине же окуу иштери боюнча директордун орун басарына маалымат берет.

**3.2.** ОМК өз ишин колледжде билим берүүнүн сапатын камсыздоого багытталган стратегиялык максаттарга ылайык түзүлгөн жылдык план боюнча жүргүзөт. ОМКнын иш тобун төрага, төраганын орун басары жана циклдык методикалык комиссиялардын мүчөлөрү түзөт жана директор тарабынан бекитилет.

**3.4.** Белгиленген милдеттерди аткаруу, кеңештерди уюштуруу жана эксперименттерди өткөрүү үчүн убактылуу иш тобу жана туруктуу комиссия түзүлөт. Комиссиянын жана иш тобунун жетекчилери тарабынан түзүлгөн ишмердүүлүк жана ОМК кеңешинде бекитилген жумуш планынын негизинде жыл аягында комиссиянын жетекчилери аткарылган иштер боюнча педагогикалык кеңешке отчет тапшырышат жана окуу процессин өркүндөтүү боюнча сунуштарды беришет, ошондой эле кийинки жылдын жумуш планын түзүүгө сунуштарды киргизишет.

**3.5.** ОМК кеңеши планда каралган мөөнөттөрдө, бирок семестр ичинде эки жолудан кем эмес өткөрүлөт. Кеңештин күн тартиби жана каралуучу материалдар мүчөлөргө алдын ала жеткирилет.

**3.6.** Бардык чечимдер ОМК мүчөлөрү тарабынан ачык добуш берүү жолу менен кабыл алынат. Чечим кабыл алынган деп эсептелет, эгер добуш берүүгө кеңеш мүчөлөрүнүн 50%дан кем эмеси катышса.

**3.7.** ОМКнын чечимдери методикалык жана маалыматтык кат, чечим, көрсөтмө түрүндө расмийлештирилет жана директордун буйругу менен бекитилет.

**4. Окуу-методикалык кеңешинин мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери**

**4.1. ОМК мүчөлөрүнүн укуктары:**

• Кеңештердин күн тартибине сунуштарды киргизүү;
• ОМКнын ишмердүүлүгүнө тиешелүү зарыл маалыматтарды жана документтерди алуу;
• Колледждин методикалык ишин өркүндөтүүгө багытталган окуу-методикалык маселелерди талкууга алып чыгуу.

**4.2. ОМК мүчөлөрүнүн милдеттери:**

• ОМКнын жыйындарына катышуу жана талкууланып жаткан маселелер боюнча активдүү катышуу;
• ОМК кабыл алган чечимдерди белгиленген мөөнөттө аткаруу.

ОМКнын ушул жобо менен аныкталган милдеттери жана функцияларынын сапаттуу жана өз убагында аткарылышына, колледждин окуу-методикалык ишмердүүлүгүнүн бардык багыттары боюнча иш планын жүзөгө ашырууга, ошондой эле ОМКнын натыйжалуу иштеши үчүн шарттарды түзүүгө ОМК төрагасы жооптуу болуп саналат.

**Милдеттери:**

1. Колледжде билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча стратегиялык иштерди пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу.
2. Окуу-методикалык материалдардын мазмунунун билим берүү стандарттарына, квалификациялык талаптарга жана базалык компетенцияларга шайкештигин камсыз кылуу.
3. Студенттердин билим сапатын баалоо усулдарынын натыйжалуулугун талдоо жана жакшыртуу сунуштарын берүү.
4. Ар бир адистик боюнча окуу-методикалык камсыздуулук деңгээлин үзгүлтүксүз түрдө жаңыртып туруу.
5. Окутуучулардын методикалык ишин колдоо, багыт берүү жана координациялоо.
6. Методикалык комиссиялардын ишин пландоо, талдоо жана жыйынтыктоо.
7. Окуу процессине байланыштуу көйгөйлөрдү карап чыгуу жана алардын чечилиши боюнча чечимдерди сунуштоо.
8. Окуу-методикалык иш боюнча жылдык отчет даярдоо жана колледж педагогикалык кеңешине же окуу иштери боюнча директордун орун басарына тапшыруу.

**Функциялары:**

- ✓ Колледждин окуу-методикалык ишин жалпы координациялоо жана өркүндөтүү.
- ✓ Окуу процессин пландаштырууга, уюштурууга жана сапатын камсыздоого методикалык жетекчилик кылуу.
- ✓ Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана окуу пландарынын аткарылышын көзөмөлдөө.
- ✓ Циклдык методикалык комиссиялардын ишин багыттоо жана алардын ишинин жыйынтыктарын талдоо.
- ✓ Окуу-методикалык материалдарды, программаларды, силлабустарды, усулдук көрсөтмөлөрдү кароо жана бекитүүгө сунуштоо.
- ✓ Окуу-методикалык иштердин сапаты боюнча мониторинг жүргүзүү жана анализдөө.
- ✓ Окуу процессине инновациялык усулдарды, санариптик ресурстарды жана педагогикалык технологияларды жайылтууга көмөк көрсөтүү.
- ✓ Практиканын түрлөрү жана мамлекеттик аттестациянын методикалык камсыздалышын уюштуруу.
- ✓ Окутуучулардын кесиптик чеберчилигин өркүндөтүүгө шарт түзүү, методикалык семинарларды, конференцияларды, тажрыйба алмашууларды өткөрүү.
- ✓ Лицензиялоо, аттестация жана аккредитацияга даярдык иштерин методикалык жактан камсыздоо.

Түзгөн: А.К. Эшенкулова